***МАДАНИЯТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ***
***КУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***CULTURAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.16.65.058***

***Асилбекова В.М.***

## КЫРГЫЗ КӨРКӨМ СҮРӨТ ИСКУССТВОСУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖАНА ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА

***Асилбекова В.М.***

## КЫРГЫЗСКОЕ ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОЕ ИСКУССТВО В УСЛОВИЯХ СУВЕРЕНИТЕТА И ГЛОБАЛИЗАЦИИ

***V. Asilbekova***

## KYRGYZ FINE ART IN THE CONTEXT OF SOVEREIGNTY AND GLOBALIZATION

*УДК: 7:17 (575. 2) (04)*

*Макалада учурдагы кыргыз сүрөт искусствосунун проблемалары талкууга алынды. Кыргыз сүрөт искусствосунун трансформацияланышына XX кылымдын аягында, XXI кылымдын башындагы экономикалык жана социалдык-саясий реформа өзгөчө таасир тийгизгендиги, кыл калемчилердин ошол кырдаалдагы чыгармачылык көйгөйлөрү жана жетишкендиктери туралуу баяндалат. Ушул убакыттын аралыгындагы уюштурулган «Абстрактуу искусство» (1999), эпотаждуу, кыргыз элинин менталитеттик адеп-ахлагына туура келбеген «Байпактардын жоругу» (2005), концептуалдуу маани-маңызы бар «Доор» (2007), ошондой эле мамлекет тарабынан цензурага кабылган «Феминале, заманбап искусствосу» (2019), аттуу көргөзмөлөр жөнүндө анализ жүргүзүлөт. Изилдөөнүн негизги максаттарынын бири искусствону маданияттын кубулушу катары аныктоо жана баалоо болуп саналат. Кыргызстандын маданиятындагы эгемендүүлүктөн кийинки ааламдашуу доорунундагы кырдаал белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият, кыргыз сүрөт искусствосу, тарых, улуттук өзгөчөлүк, руханият, заманбап искусство, арт практика.*

*В статье рассматриваются актуальные проблемы кыргызского искусства. Особое влияние на трансформацию кыргызского изобразительного искусства оказали экономические и социально-политические реформы конца XX и начала XXI вв. Как и другие виды искусства, динамика развития изобразительного искусства связана с историко-культурной ситуацией. В статье также проводится анализ выставок: «Абстрактное искусство» (1999г.), не соответствующее менталитету и нравам кыргызского народа «История носков» (2005 г.), концептуально содержательная выставка биеннал «Эпоха» (2007г.), а также нашумевшее биеналле «Феминалле» (2019). Одной из основных целей исследования является определение и оценка «art» искусства как культурного феномена. Отмечена ситуация в культуре Кыргызстана в эпоху глобализации после обретения независимости.*

***Ключевые слова:*** *художественная культура, кыргызское искусство, история, искусство, национальное самосознание, духовность, современное искусство, художественная практика.*

*The article deals with topical issues of Kyrgyz art. The economic and socio-political reforms of the late XX th and early XXI st centuries had a special impact on the transformation of the Kyrgyz fine arts. Like other types of art, the dynamics of the development of fine arts is connected with the historical and cultural situation. The article also analyzes exhibitions: «Abstract Art» (1999), which does not correspond to the mentality and customs of the Kyrgyz people «The History of Socks» (2005), the conceptually meaningful exhibition Biennale «Era» (2007), as well as the sensational biennale «Feminalle» (2019).*

***Key words:*** *artistic culture, Kyrgyz art, history, art, national identity, spirituality, contemporary art, artistic practice.*

Бүгүнкү күндөгү жер-жүзүндө жүрүп жаткан ааламдашуу процесси кайра кайталангыс кесепеттерге алып келбеш үчүн, кыргыз сүрөт искусствосундагы улуттук жана интернационализм проблемаларына көңүл буруу зарыл. Ошол себептен улуттук маданиятты коргоо жана колдоо көрсөтүү туурасындагы маселе өзгөчө актуалдуу.

Заманбап искусство же актуалдуу искусство дейбизби, көрөм чагылдыруу процесстеринде жайылып жаткан кубулуш, ааламдашуу жана социалдык-этикалык боштондукка чыгуу менен бирге илим жана техника өнүгүшүнүн негизинде пайда болуп, коомго бир топ түшүнүксүз көрүнүштөрдү жаратып жатат.

Азыркы мезгилде элди таң калдыруу максатындабы же дүрбөтүү үчүнбү, айтор, сүрөт искусствосундагы айрым «жаңылык» катары кээ бир көргөзмөлөрдө чагылдырылган «чала», «art искусствосун» канчалык деңгээлде искусство катары кабылдоо керектиги жөнүндө көпчүлүктү ойлондуруп келет.

Эркиндик Кыргызстандагы көркөм маданий процесстерге оң жана терс көрүнүштөрдү алып келди. Оң жагы – биринчиден, мындай кыйын кырдаалда кыргыз искусствосу өчүп, жоголуп кетпестен тескерисинче, жаңыланып «Жаңы муунду» пайда кылды. 1990-жылдары жаш муундардын профессионалдашуусу, адеп-ахлак руханий жактан тарбияланышы өзгөчө мааниге ээ болуп, Кыргыз Эл сүрөтчүсү академик Т.Садыковдун демилгеси менен Сүрөт Академиясы жаңыдан түзүлдү. Экинчиден чыныгы искусствону көздөгөн сүрөтчүлөр чыгармачылык эркиндик алыш-

ты. Байыркы тарых жана улуттук баалуулуктарга көңүл бурула баштады. Живопись, графика, декоративдик дизайн өз кезегинде өзүн таптакыр башка формаларда көрсөтүп, систездештирилип, бейне искусствосунун оригиналдуу тилинин пайда болушуна шарт түздү.

Терс жагы Кыргызстандын көз карандысыздыгынын алгачкы жылдары өнөр адамдары рыноктук мамилелердин катаал алкагында калып, көптөгөн сүрөтчүлөр маданий-социалдык абалга байланыштуу деградацияга учурап, мамлекет чыгармачылык процесске колдоо көрсөтө албагандыктан башка коммерциялык-салондук аймактарга өтүүгө аргасыз болушкан. Базар-экономикасы жана жеке-менчик мамилелерге өттү менен борбордо жана кээ бир областтарда менчик сүрөт галереялары пайда болду. Буларга: «Галерея М», «Эркиндик», «Арт салон», «Аль-Хаят», ал эми эле «Табиат», «Аялдар коомун колдоо ассоциациясы», «Кыргыз стили» ж.б. коомдук уюмдар жана коомдук кыймылдар түзүлдү [1].

Базар экономикасы калктын жашоо жана иш чөйрөсүндө материалдык баалуулуктарды рухий-адептик баалуулуктардан жогору коюп, «акча» идеологиясы үстөмдүк кылууда. Мындай кырдаал бүгүн коомдун аң-сезиминде маданият саясатты эмес, саясат маданиятты аныктай турган абалга алып келүүдө. Маданий чөйрөдөгү чыгармачылык иштерге натыйжалуу мамлекеттик дем берүүнүн жоктугу, маданиятты бюджеттик каржылоонун жетишсиздигинен улам, чыныгы искусство көмүскөдө калып, коммерциялаштыруу күчөп кетти.

Заманбап «art» искусствосунда классикалык маанидеги «искусство», же болбосо чеберчилик, кооздук, сулуулук, эстетикалык бүтүндүк сыяктуу сапаттар өз нарктуулугун жоготот.

Муну кандайча түшүнсө болот? Азыр адам сулуулугу же дүйнө сулуулугу деген принциптер иштебей калганбы? Же болбосо бизге пайдасы барбы деген суроолор жаралат.

Бул суроолорду чечмелеш үчүн жана бул багытка кандайча келгенин анализдеш үчүн искусствонун тарыхын жана философиясын карап чыгалы. Таш доордогу сүрөттөр петроглифтерде байыркы сүрөтчү аңчылыкты чагылдырган, албетте сүрөт үчүн акы алган эмес, жөн гана олжого болгон аракеттин камын көргөн. Кийинки Антикалык жана Орто кылымда тартылган сүрөттөр кайберенге ишенүү же сыйкыр болмуштарга ишенүү ритуал же сыйынуучу объект катары маалымдалган. Бул доорлордо искусство дин менен тыгыз байланышы болгон. Кайра жаралуу доору ошол эле Библия китебиндеги сюжеттерин чагылдырганы менен адам образына көркөмдүк тартуулап, дүйнөнү кереметке бөлөгөн гармонияны издөө менен алек болушкан. Бара-бара адам сулуулугун реалдуу көрсөтүүгө, анын өмүрүн барктоого жана элес калтырууга аракеттер күчөйт. Албетте Батыш искусствосу менен Чыгыш искусствосунун же Ислам маданиятынын эстетикалык принциптеринин айырмачылыгы асман менен жердей. Эки тараптын искусствосу ар тараптан контрасттуу. Айрыкча, Орто кылымдын эстетикасын салыштырып карасак архетиктурада, маданиятта жана түс доминанттарынан контрастарды байкайбыз. Христьян динин кармоочуларга кызыл түс, шиш имараттар басымдуулук кылса, Ислам маданиятында жашыл түс, жарым-ай тегерек формадагы курулуштар жайылган. Ислам искусствосунун жайылышы эстетикалык баалуулукту чеберчиликке, кылдаттыкка жана тактыкка бурат. Адам колунан жаралган нерсени сыйынуучу обьектке айландырбоо үчүн кишинин жана жаныбарлардын жүзүн тартууга таптакыр тыюу салынат. Жалпы эле дүйнө жүзүндө искусствонун принциптери өз нугу менен да өзгөрөт. Бул өзгөрүүлөр ушунчалык радикалдуу болгондуктан, бул көрүнүштөрдө искусство тармагында иштегендердин тар чөйрөсү гана түшүнө алат. Ал эми көпчүлүк үчүн бул искусство түшүнүксүз жана акылга сыйгыс. Көпчүлүк адамдар үчүн заманбап искусствонун аныктап чыгуу татаал маселе болушу мүмкүн. Анык аталышы жөнөкөй жана түшүнүктүү болсо дагы, анын маңызы көпчүлүк үчүн бир канча суроолорду жаратат.

Британиялык энциклопедиясында искусство мындайча аныкталат: «Жалпы мааниде алганда, искусство – бул өнүм эстетикалык ырахат тартуулаган чеберчилик деп айтылат. Чет өлкөлүк ойчулдардын айтымында, классикалык искусстводон айырмаланып, заманбап искусство дүйнөнү чагылдырууга, сулуулук, жарашык жана гармонияны табууга умтулбайт. Анын милдети жаңы көркөм образдарды издөөдө, кандайдыр бир өзгөчө каражаттарды же иштетилген материалдарды жаңыча колдонуу. Сүрөтчү көрүүчүгө ар кандай стандарттуу эмес формаларды жана башка жаңы багытты тартуулоо менен изденүүнүн үстүндө ой жүгүртөт» [2, 89-б.]. Негизинен «актуалдуу искусство» көркөм сүрөт искусствосунун тармактарына таандык, живопись, скульптура, фото сүрөт, инсталляция, перформанс жана видео-арт сыяктуу чыгармалардын бирикмесин өзүнө камтыйт. Ал жеке формада мисалы: живопись *(түс, боёк, тегиздик)* же болбосо синтетикалык искусство интерьер, ж.б. бир эле эмес бир нече предметтердин башын бириктирген идеялардын жаралышы мүмкүн. Заманбап искусствонун артыкчылыгы биринчиден ал көрүүчү менен түздөн түз байланышта болгондугу, экинчиден искусствонун концепциясы бир эле тармак менен чектелбегендигинде.

Америкалык жана Россиялык маданият таануучу, искусство теоретиги Б. Гройс заманбап искусствону сындоону талкуулап, заманбап сындын милдети – искусствону кеңири контекстке интеграциялоо (*Искусстводо нтеграция – бул бөлүктөрдү бир бүтүнгө*

*айкалыштыруу процесси)* деп айтат [3]. Б. Гройс бул жерде көркөм сындын маанилүүлүгүн гана эмес, анын зарылчылдыгын да баса белгилеп кетти.

**Жаңы искусствонун катарына төмөнкүлөр кирет:**

– **Перформанс** (*англ. тил. «perform» – «көрсөтүү» же «оюн тартуулоо», «аткаруу», этишинен түзүлгөн*);

– **Инсталляция** *(англ. тил. «installation» – орнотуу, жайгаштыруу)* – ар кандай даяр материалдардан жана формалардан түзүлгөн мейкиндик композициясы менен толукталган заманбап искусствонун бир түрү;

– **Энвайронмент,** *(англ. тил. «Environtental art» – экологиялык искусство, айлана-чөйрө аркылуу, көрүүчүлөрдүн катышуусу менен аткаруу)* – авангарддык заманбап искусствонун бир түрү;

– **Реди-мейд,** (*англ. тил. made - даяр*) – сүрөтчүнүн каалоосу менен кадимки чөйрөсүнөн ажырап, көркөм контекстке жайгаштырылган биздин күндөлүк колдонуудагы объектилер, музейде ж.б. имарат залында коюлуучу постановкалар;

– **Сайнс-арт,** (*англ.тил. «science art»*) – илим жана искусствонун синтези, чыгармачылык жана технологиянын кесилишиндеги заманбап искусствонун тармагы.

Өткөн кылымдын аяк ченинде республикада биринчи жолу жалаң гана абстрактуу картиналардын топтому менен уюштурулган көргөзмө «Биринчи көргөзмө» 1999-жылы өткөрүлдү. Кыргыз сүрөтчүлөрү бул мезгилде, ар түрдүү эксперименттер шилтелген кенептеги чыгармаларын элге тартуулап, «объективдүү эмес» «реалдуу эмес», «медитациялык» искусство маданий чөйрөбүздө өз ордун тапты. Эмоционалдык, интеллектуалдык жана философиялык аң-сезимдүү түрдө «бөтөн» искусствону өз чыгармачылыгына колдонушат. Кылычбеков С.Э. «Текче» (1990), Токтобеков К. «Ала-качуу» (1990), Тургунов К. «Сыйкырдуу түн» (1999), Сейталиев А.К. «Өзгөрүү» (1998-2000), ж.б. Кыргыстандын түштүк жергесиндеги сүрөтчүлөр да борбордогу сүрөтчүлөр менен тең тайлашып келет. Бул «Жаңы түштүктүктөр» А.Төрөгелдиев «Оштогу чай ичүү», (2002); Ы. Төлөнөв «Өткөөл» (2008); О.Идрисов «Май ыры», (2009); С.Кайбылдаев «Ош-Париж-Бишкек жолу», (2011); А. Самидинов «Пленерде», (1991).

Кыргыз сүрөт искусствосунун өнүгүүсүндө «объективдүү эмес» искусствого кайрылуусу, бул сырткы жана ички эмоциялар аркылуу, тааныла турган материалдык дүйнө менен ар кандай ассоциациялардан алыс, таза формалар аркылуу өзүн-өзү көрсөтүү зарылдыгы бар субъективдүү көрүнүш. Абстракция тилинин универсалдуулугу сүрөтчүгө өзүнүн эстетикалык артыкчылыктарын, анын визуалдык маданиятынын жана профессионалдык чеберчилигинин деңгээлин ачууга мүмкүндүк берет. А.Байтереков. «Шиш кебек», (1999); Д. Нургазиев, «Аталышсыз», (1999); Архипелаг, «Карак», (1999); А. Сейталиев, «Бир да, эки да эмес», (1999); Т. Асыранкулов, «Аталышсыз», Б. Каракеев, «Аталышсыз», ж.б.

Кыргызстанда жаңы искусство салыштырмалуу арт рыноктогу атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүүдө 1995-2000- жылдары пайда болду. Көпчүлүк учурда сүрөтчүлөр жана искусство таануучуларга арналган «Курак» журналында кээ бир элементтери бастырылып талкууланып турган, кийинки 2005-жылдар аралыгында, Батыш колдоо көрсөткөн долбоорлор аркылуу музейлерде көргөзмөлөр уюштурулуп башталган [4, 54-б.]. 2007-жылы борбор калаабыз Бишкекте өткөн доорго көз чаптыруу, сүрүштүрүү, ой-жүгүртүү максатта уюштурулган Биенале «Доор» (Эпоха) долбоору болуп өттү. Бул долбоордун катышуучулары көрүүчүлөргө болуп көрбөгөндөй кызыктуу ой-пикир жаратышты. Бул жерде искусстводогу жаңы доордун эң ачык жана образдуу чагылдыруу болду.

Медалдын эки жагы бар демекчи, эпотаждуу жана коомчулукка жийиркенич алып келген «Байпактардын жоругу» (2005) жана мамлекет тарабынан цензурага кабылган «Феминале, заманбап искусствосу» (2019) аялдар коомунан түзүлгөн эл аралык көргөзмөлөр болуп өттү. Биринчисинде, эстетикалык жана моралдык нормаларга таптакыр туура келбеген кээ бир сүрөттөрдүн катышуусу бар болсо дагы, аз сандагы тез көрүүчүлөр баргандыктан жана маалымат бүгүнкүдөй таралбагандыктан ызы-чуусу жок өткөн. Экинчиси, көркөм сынга жана коомчулукка каттуу удургуга кабылганынына массалык маалымат каражаттарына тез жайылышы себеп болуп жана саясий ар кандай көз караштар ортого салынып, натыйжасына музейдин жетекчилигинин четтетүүгө алып келген. Бирок, ал эл аралык көргөзмөгө катышкандар баары эле сүрөтчү же баары эле «шермендечилик» менен каралган эмес, арасында кыргыз сүрөтчү аялдардын «Москвадагы цехте өрт» аталыштагы инсталляция (*жарым жартылай күйүк жерлери бар кездеме кыйкындыларды чачып, айнектүү кутучага салынып көрсөтүлгөн постановка)* орун алган. Россияга барып үй бүлөөсүн, балдарын таштап, турмуштун түйшүгүн тартып, өрт кырсыгында каза болгон 17 эмигрант кыргыз кыз келиндерге арналган, өрт учурунда кокустан жазылып калган «ачуу чаңырык» үн менен коштолгон. Ушул сыяктуу реалдуу чындыкты, үй бүлөө трагедиясын көрсөткөн жаңы көркөм чагылдырууларды искусстводон четтетүүгө болбойт. Сүрөтчү жан дүйнөсүндөгү жана өзү туура жана туура эмес деп эсептегенди чагылдырып көрсөтөт. Адеп-ахлак маселесине келип токтосок жыйынтыгында, биринчиден, кыргыз эли «уят», «абийир» жана баалуулуктардын чеми азайбагандыгы байкалды, экинчиден «абийирсиздикти» көрсөткөн перфоманс жана видео жана

фото сүрөттөр чет элдик кыз келиндердин аткаруусунда көрсөтүлгөн. Кейиштүүсү минтип уятыбызды жашырганы менен канчалаган кыздар сатылып, кээ бирлери зордук зомбулукка кабылгандар да аз эмес. Ошол эле жылы мойнуна дөңгөлөк асып, сабалган аял массалык маалымат каражаттары аркылуу тарап, ал жөнүндө сүрөт чагылдырылгандыгын көрөбүз.

Эгерде көрүүчү заманбап искусство институттарынын иштөө формалары, заманбап критикалык теориянын методологиясы, урбанизм жана кураторлук практика менен таанышса, концептуалдык критиканы туура колдоно алат, ошондой эле талдоо көркөм процесстерди жана көркөм тутумдарды өздөштүрөт, сүрөттөөнү жана көзөмөлдөөнү үйрөнөт. Тилекке каршы азыркы учурда заманбап эмес классикалык искусствого кызыгуу аз. Аны терең изилдөө үчүн конференцияларды, көргөзмөлөрдү уюштуруу, илимий макалалардын жана визуалдык изилдөөлөрдүн үстүндө иштөө менен компетенттүүлүктү өркүндөтүшүбүз керек.

Маданий-гуманитардык жана чыгармачылык шыктандыруу – искусствону коммерциялаштыруунун азыркы терс тенденциясына каршы туруга жардам берет. Чынында эле, өнөр адамдары рыноктук мамилелердин катаал алкагында калып, көптөгөн сүрөтчүлөр маданий-социалдык абалга байланыштуу деградацияга учурап, айрымдары катаал рынок шартында калып, мамлекет чыгармачылык процесске колдоо көрсөтө албагандыктан башка коммерциялык аймактарга өтүүгө аргасыз болушкан.

Жыйынтыгында, учурда Кыргызстандын сүрөт искусствосу баардык тармакты бирдей өркүндөтүп алып бара жаткан мезгил. Республиканын көркөм сүрөт искусствосу тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде, чагылгандай тездик менен чыгармачылыктын бардык түрлөрү, жанрларын ыкмаларын камтыган өзүнө гана мүнөздүү, өз жүзү бар деңгээлге чыгып, таанымал болуп калды. Кыска 80 жыл аралыкта кыргыз профессионалдуу искусствосу, Европада, Россияда жүздөгөн жылдар бою иштелип келе жаткан живопись, графика, скульптурадагы ар түрдүү ыкмаларды колдонуп, аны профессионалдуу деңгээлде аткарууга да жетишти.

Кыргызстандагы сүрөт искусствосунун улуттук жана бөтөн улуттук проблемалары практикалык процесстерде эксперименталдык метод катары аткарылып, ошентсе да, кыргыз сүрөтчүлөрүнүн оригиналдуулугу сакталып, эгемендүүлүктүн жана ааламдашуунун шартында алардын чыгармачылыгында тематикаларында улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат.

**Адабияттар:**


1. Мосолова Л.М. Прыткова Л. А. Изобразительное искусство Кыргызстана. – Санк-петербург. 2019. – 208 с.
2. Дианова В.М. Философия художественного авангарда в эпоху глобализации. Философия в поисках и спорах. Петербургские сюжеты / под редакцией Б.В. Маркова, Ю.М. Шилкова. – СПб., 2007. – 272 с.
3. Гройс Б. Публичное пространство. От пустоты к парадоксу. М., 2012. [Эл. ресурс]: https://www.livelib.ru/author/172870/top-boris-grojs.
4. Салиев Э. Выставка абстрактного искусства. – Бишкек, 1999. – 60 с.
5. Колбер Ф. Маркетинг культуры и искусства / Ф. Колбер. – СПб., 2004. – 255 с.
6. Стамова Р. Культурные трансформации в Кыргызстане в условиях глобализации / Р. Стамова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2015. – № 4. – С. 214-220.